**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**НАРЫНСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ С. НААМАТОВА**

# БУЙРУК

____________________ №________________

## Окуу процессин уюштуруу жөнүндө

КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 24-октябрындагы №1614/1 буйругун аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылынын 27-сентябрындагы №590 токтомдорунун негизинде иштелип чыккан “Академиялык кредиттерди колдонуу менен С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде окуу процессин уюштуруу жөнүндө” жобого (СМС ЖЖ 1.13-2025), 2025-жылдын 8-октябрындагы өндүрүштүк жыйындын протоколуна ылайык окуу процессин уюштуруу максатында, **буйрук кылам**:

1. 2025-2026-окуу жылынын биринчи курсунун жана которулуп келген, калыбына келтирилген студенттери үчүн окуу процесси академиялык кредиттерди колдонуу менен уюштурулсун.

2. Факультеттин декандарына:
- 2025-2026-окуу жылынын биринчи курсунун жана которулуп келген, калыбына келтирилген студенттеринин жеке планы түзүшсүн;
- 2025-2026-окуу жылынын биринчи курсунун жана которулуп келген, калыбына келтирилген студенттеринин жеке планынын аткарылышын уюштурууда КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-сентябрындагы №590 токтому менен бекитилген ченемдик укуктук актылары жетекчиликке алышсын;
- жогорку курстардын студенттеринин академиялык карыздары таризделсин жана аны жоюга карата иш чараларын уюштурушсун.

3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысы А.Жусупбековага жүктөлсүн.

Академиялык иштер боюнча проректор К.Омурова

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-4/231, 14.10.2025

Кол койгон: Өмүрова К.О.